# Урматтуу кесиптештер, студенттер, бүтүрүүчүлөр, жана ардактуу меймандар!

Бүгүн биз жыл сайын белгиленүүчү Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетибиздин туулган күнүн майрамдоо үчүн чогулуп отурабыз. Бүгүн бизде “Өзгөчө” майрам, анткени биздин сүйүктүү университетибиз быйылкы жылы **100 жашка** чыгып жатат, бул юбилейлик майрам биздин  эле эмес, бул жалпы мамлекетибиздин, элибиздин майрамы, себеби Республикабыздын жогорку билим берүү системасынын өнүгүшүнүн кылымдык тарыхын чагылдырган **мамлекеттик** маанидеги майрамы.

Өткөн 100 жылдын аралыгында биздин университет мамлекетибиздин башкаруу тармагы менен  экономикасы, илими менен билим берүүсү, маданияты менен спорттук жетишкендиктери үчүн 1**90 миңден** ашуун адистерди даярдап, алардын дээрлик көпчүлүгү өзгөчө бийиктиктерге жетишүү менен өлкөбүздүн жана калкыбыздын атын алыска угузду. Тагырак айтканда, университетибиздин бүтүрүүчүлөрүнүн **бешөө Кыргыз Республикасынын Баатыры, үчөө Кыргыз Республикасынын Эмгек Баатыры, он бири Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын академиги, кырк бири  Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу жана эл акыны** деген ардактуу наамдарга ээ болушса, **экөө Бүткүл дүйнөлүк Олимпиада оюндардын чемпиондору** болушкан. **Жалпы өлкөбүз боюнча “Кыргыз Республкасынын эл мугалими”** деген ардактуу наамга ээ болгон **жыйырма төрт** залкар педагог болсо, алардын **он алтысы** биздин университеттин бүтүрүүчүлөрү болуп эсептелет.

Өлкөбүз эгемендикке ээ болгон соңку отуз жылдан ашуун мезгил ичинде да атпай журт үчүн зор кызмат өтөп келе жатат. Университет заман талабына ылайык жаңы багыттарды өздөштүрүп, жаңы адистиктерди ачып, эл чарбасынын бардык тармактары боюнча заманбап кадрларды даярдоо жолуна түштү. Бүгүнкү күндө университетте **30 миңге** жакын студент **258 билим берүү** жана илим багытындагы программалар боюнча окуп жатышат. Тагырак

айтканда, бакалавриат **71 (жетимиш бир)**, **магистратура 53 (элүү үч)**, классикалык үлгүдөгү беш жылдык билим берүү адистигинде **9 (тогуз)**, **орто кесиптик билим берүүдө 22 (жыйырма эки)**, орто билим берүүдө 1 (бир), **кошумча билим берүүдө 34 (отуз төрт)**, кошумча профессионалдык билим берүүдө 5(беш), PhDда 16 (он алты) программа боюнча билим алып жатышат. Ал эми илимдин 47 (кырк жети) багыты боюнча 70 (жетимиш) адистикте изденүүчүлөрдү, аспиранттарды жана докторанттарды даярдоо менен Университетибиз бул багытта өлкөбүздө алдыңкы орунда турат. Даярдалган бул изденүүчүлөр, аспиранттар жана докторанттардын илимий иштерин баалап баа берип, коргоого алып чыгуу үчүн университетте 14 (он төрт) адистештирилген Диссертациялык кеңеш иш алып барат. Бул фактынын өзү республикабыздагы илимий-педагогикалык кадрлардын негизги курамы биздин университет экендигин жана Улуттук университетте даярдалып чыгарын айгинелеп турат.

Бүгүнкү күнү биздин университет республикабыздагы жогорку деңгээлдеги, мыкты илимий-педагогикалык кадрлар топтолгон окуу жайы болуп эсептелет. Университетте Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөлөрү (академиктер), корреспондент-мүчөлөр, КР эл жазуучусу менен эл артисти, КР илими менен билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмерлер, КР Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаттары, 163 илимдин доктору, 569 илимдин кандидаттары эмгектенишүүдө.

Айрыкча соңку жылдарда университет өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлдү. Улуттук университет дүйнөлүк билим берүү процессине жандуу интеграцияланып, Россия Федерациясынын, Кытай Эл Республикасынын, Франциянын, Германиянын, Түркиянын, Кореянын, жакынкы коңушулаш өлкөлөрдүн ж.б. көптөгөн мамлекеттердин ЖОЖдору менен тыкыс байланышып, алардын айрым ЖОЖдору менен бүтүрүүчүлөргө кош диплом берип адис даярдоого жетишти. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин социалдык ал-абалына жакындан кам көрүү багытында көп иштер жасалды

жана жасалат. Университетибиз мамлекет алдындагы, атпай журт алдындагы милдетин татыктуу аткаруунун жолунда бара жатат.

Урматтуу университеттин профессордук-окутуучулук курамы, аспиранттар, магистрлер, студенттер жана коноктор баарыныздарды бүгүнкү майрамыбыз менен куттуктаймын!

“Алтын уям” менин улуттук университетим бүгүнкү юбилейлик туулган күнүн кут болсун!